КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНИН
ОШ ОБЛУСУНДАГЫ
ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ

ПОЛНОМОЧНЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ
ПРЕЗИДЕНТА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
В ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

БУЙРУК
РАСПОРЯЖЕНИЕ

_____№_____

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын «Пикир» маалымат системасы жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 6-августундагы 672-т тескемесине ылайык, жарандардын кайрылууларына, даттанууларына ыкчам жооп берүү, жарандар менен өз ара кайтарым байланышты жолго коюу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында, райондук мамлекеттик администрацияларда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу жана башка функцияларын ишке ашыруу, алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын «Пикир» маалымат системасы жөнүндөгү Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. «Пикир» маалымат системасына жооптуу катары Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын аткарууну контролдоо, документтик жана юридикалык камсыздоо бөлүмүнүн жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча башкы адиси бекитилсин.
3. Жергиликтүү райондук мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары «Пикир» маалымат системасын колдонууга киргизүү менен тийиштүү Жобосун иштеп чыгып бекитишсин.
4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жетекчисине жүктөлсүн.

Ыйгарым укуктуу өкүл **Э.Н. Джантаев**

Кол койгондор:
Р.А.Кубаталиев
А. Эгемжарова
А. Айтматов

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 52-237, 25.09.2025

Кол койгон: Джантаев Э.Н.

Тиркеме
Кыргыз Республикасынын
Президентинин Ош облусундагы
ыйгарым укуктуу өкүлүнүн
2025-жылдын
_____ сентябрындагы
№_____ буйругуна

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын "Пикир" маалымат системасы жөнүндө жобосу

1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын "Пикир" маалымат системасы жөнүндө жобосу (мындан ары – Жобо) "Пикир" маалымат системасынын максаттарын, милдеттерин, катышуучулардын укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле маалымат системасын пайдалануу тартибин аныктайт.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын "Пикир" маалымат системасы (мындан ары – "Пикир" МС) Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкы башкармалыгы жана атайын макамы бар мамлекеттик бийлик органдарынын облустук (аймактык) башкармалыктары жана бөлүмдөрүнөн тышкары, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын, Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун облустук (аймактык) башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн, райондук мамлекеттик администрацияларынын, райондук мекеме-ишканалардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, муниципалдык мекемелеринин жана ишканаларынын (мындан ары – ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты, облустук жана райондук мамлекеттик органдар жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары) ишин арыз ээлеринин кайра байланышы аркылуу баалоо үчүн арналган.

3. Бул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) **колдонуучу** – белгиленген тартипте каттоодон же авторлоштуруудан өткөн, "Пикир" МСте баа/пикир калтырган жеке жак/арыз ээси (жаран);

2) **баа/пикир** – ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдар жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин/кызмат көрсөтүүсүнүн/башка ишинин сапаты жөнүндө бааны/пикирди жана/же комментарийди камтыган колдонуучу тарабынан берилүүчү маалымат;

3) **модерациялоо** – колдонуучу тарабынан берилген маалыматтын чындыкка дал келүүсүн жана ушул Жободо белгиленген баа/пикир калтыруу тартибине шайкештигин текшерүү жараяны;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4) **техникалык оператор** – “Пикир” МСтин ээси тарабынан ыйгарым укук берилген “Пикир” МСти администрациялоочу, модернизациялоочу жана техникалык коштоочу юридикалык жак - Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты (мындан ары – ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты);

5) **модерациялоо оператору** – бааны/пикирди модерациялоо максатында ээси тарабынан “Пикир” МСтин системасына жетүү мүмкүнчүлүгү ачылган жана берилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча башкы адиси (мындан ары - адис);

6) **ээси** – “Пикир” МСтин иштешине жалпы жетекчиликти, координациялоону жана көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялар министрлиги (мындан ары - министрлик);

7) **QR-код** – “Пикир” МСтин функционалына кирүү үчүн колдонуучу сканерлеген сайтка шилтемени камтыган графикалык код.

2-глава. Максаттары жана милдеттери

4. “Пикир” МСтин негизги максаттары:

1) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде ачыктыкты жана айкындыкты камсыз кылуу;

2) колдонуучулардан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты, ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка функцияларынын ишке ашырылышы жөнүндө маалыматтарды чогултуу;

3) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерине колдонуучулардын лоялдуулук жана канааттануу деңгээлин алардын пикирлерин, сын пикирлерин жана сунуштарын эске алуунун эсебинен жогорулатуу;

4) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын колдонуучулардын сын пикирлерине жана сунуштарына ыкчам жооп кайтаруу механизмин түзүү;

5) колдонуучулардын бааларын/пикирлерин талдоонун негизинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн, ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка функцияларын ишке ашыруунун сапатын жакшыртуу.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

5. “Пикир” МСтин негизги милдеттери:

1) колдонуучулар жана башка кызыкдар тараптар менен кайра байланыш аркылуу ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жана сапатын баалоо жараянын жөнгө салуу;

2) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги кемчиликтерди талдоо, аларды четтетүү боюнча чараларды иштеп чыгуу;

3) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратына, облустук жана райондук мамлекеттик органдарга жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү.

6. “Пикир” МС төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине колдонуучулар тарабынан алардын иши жөнүндө баалоо/пикир калтыруу жолу менен баалоо жүргүзүүнү;

2) пикирде көрсөтүлгөн маселелер боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымдоо же позициясын түшүндүрүү максатында колдонуучулар тарабынан мурда калтырылган пикирге ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынан, облустук жана райондук мамлекеттик органдардан жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жооп же комментарий алуу мүмкүнчүлүгүн;

3) пикирдин аныктыгын жана тууралыгын камсыздоо үчүн модерациялоодон өткөндөн кийин пикирлерди жарыялоону;

4) Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык колдонуучулардын жеке маалыматтарын коргоону;

5) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртуу максатында пикирлерди чогултууну жана талдоону;

6) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты, облустук жана райондук мамлекеттик органдар жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан системалык көйгөйлөрдү аныктоо жана аларга ыкчам жооп кайтаруу үчүн келип түшкөн пикирлерге жана бааларга реалдуу убакыт режиминде мониторинг жүргүзүү.

7. “Пикир” МС мамлекеттик жана расмий тилдерде иштейт.

8. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо колдонуучу тарабынан “Пикир” МСте пикир калтыруу жана/же беш баллдык шкала боюнча 1ден 5ке чейин баа коюу аркылуу жүргүзүлөт, мында:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1 – өтө канааттандырарлык эмес;
2 – канааттандырарлык эмес;
3 – канааттандырарлык;
4 – жакшы;
5 – мыкты.

3-глава. “Пикир” МСтин катышуучуларынын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги

9. “Пикир” МСтин катышуучулары болуп колдонуучу (жаран), ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты, адис жана министрлик саналат.

10. Колдонуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө, ошондой эле алардын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты, башка функцияларды ишке ашыруу жөнүндө баа/пикир калтырууга;

2) мурда берилген пикирге ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынан, облустук жана райондук мамлекеттик органдардан жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жооптурду же комментарийлерди алууга;

3) техникалык колдоо үчүн ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратына кайрылууга.

11. Колдонуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) баа/пикир калтыруунун ушул Жободо белгиленген тартибин сактоого;

2) баа/пикир калтырууда анык маалымат берүүгө;

3) пикир калтырууда коркутууларды, жалаа жабууну, адепсиз маалыматты камтыган, башка адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен, ошондой эле расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутууга багытталган, укукка каршы аракеттерди жасоого чакырган маалыматтарды колдонбоого, алар үчүн колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

12. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) техникалык иштерди жүргүзүү учурларынан тышкары, “Пикир” МСтин катышуучуларына системанын функционалына үзгүлтүксүз жетүүнү камсыз кылууга;

2) жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, “Пикир” МСтин катышуучуларынын жеке маалыматтарын коргоону камсыз кылууга;

3) “Пикир” МСтин ишине мониторинг жүргүзүүгө жана алар пайда болгон учурда техникалык бузулууларды ыкчам жоюуга;

4) зарылдыгына жараша “Пикир” МСтин функционалын жаңыртууга жана жакшыртууга.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

13. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты колдонуучулар калтырган пикирлердин мазмуну үчүн жооп бербейт.

14. Адис баа/пикирлерди ушул Жобого шайкештигин текшерүү максатында модерациялоону жүзөгө ашырууга милдеттүү.

15. Колдонуучулардын пикирлери жана кайрылуулары кызмат көрсөтүүлөрдүн, ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка функцияларын аткаруу сапатына мониторинг жүргүзүү куралы катары кемчиликтерди өз убагында аныктоо жана жоюу боюнча чараларды иштеп чыгуу менен адис тарабынан каралууга тийиш.

16. Адис ушул Жободо каралган өзүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат, атап айтканда:

1) модерациялоо мөөнөттөрүн бузуу;

2) ушул Жободо каралбаган негиздер боюнча баа/пикирди кароодон баш тартуу;

3) ушул Жободо көрсөтүлгөн модерациялоо жол-жобосунун талаптарын аткарбоо.

17. Министрлик модерациялоо операторлорунун ишине үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп турат.

18. Министрлик төмөнкүлөргө укуктуу:

1) “Пикир” МСтин иштөө жана өнүктүрүү саясатын аныктоого;

2) “Пикир” МСтин иш регламентин бекитүүгө;

3) “Пикир” МСтин техникалык операторун аныктоого;

4) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратына, облустук жана райондук мамлекеттик органдарына жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына “Пикир” МСке кирүү мүмкүндүгүн берүүгө (кирүүгө акысыз негизде уруксат берилет);

5) “Пикир” МСтин колдонуучуларынын, ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын “Пикир” МСтин функционалын өркүндөтүү, өзгөртүү же толуктоо зарылдыгы жөнүндө сунуштары менен кайрылууларын кароого;

6) Адис тарабынан бузуулар аныкталган учурда кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратына, облустук жана райондук мамлекеттик органдарга жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кат жиберүүгө.

19. Министрлик төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ушул Жободо белгиленген баалоо/пикир калтыруу жана модерациялоо тартибинин сакталышын көзөмөлдөөгө;

2) “Пикир” МС аркылуу актуалдуу жана толук маалымат берүүнү камсыз кылууга;

3) “Пикир” МС менен иштөө эрежелери боюнча модерациялоо операторлорун окутууга жана консультация берүүгө;

4) Ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, адистин, облустук жана райондук мамлекеттик органдар жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

органдарынын ортосундагы “Пикир” МСтин иштөө маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга;

5) системалык бузулуулар, техникалык үзгүлтүктөр же колдонуучулардын даттануулары аныкталган учурда чара көрүүгө.

4-глава. Пикир калтыруу тартиби жана баалоо критерийлери

18. Пикир калтыруу үчүн колдонуучуга төмөнкүлөр зарыл:

1) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын имаратынын аймагында көрүнүктүү жерде жайгаштырылган QR-кодду сканерлөө;

2) керектүү маалыматтарды (аты-жөнү, туулган датасы, жынысы, электрондук почта дареги, телефон номери) көрсөтүү менен сайтта каттоо же авторлоштуруу жол-жобосунан өтүү;

3) пикир формасын толтуруп, 1ден 5ке чейинки шкала боюнча баа калтыруу;

4) “Пикир” МСте беш баллдык шкала боюнча баа/пикир калтырууда төмөнкү критерийлерди жетекчиликке алуу:

“1” деген баа (өтө канааттандырарлык эмес) коюлат, эгерде:

– мурда берилген арызга же кайрылууга белгиленген мөөнөттө жооп берилбесе;

– ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери тарабынан кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу арыз ээсинен акча каражаттарын тикелей же кыйыр түрдө опузалоо фактысы болгондо;

“2” деген баа (канааттандырарлык эмес) коюлат, эгерде:

– мурда берилген арызга же кайрылууга белгиленген мөөнөттү бузуу менен жооп берилсе;

– ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери тарабынан кесиптик этиканын ченемдерин бузууга жол берилсе;

– ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери арыз ээсин укукка каршы аракеттерди жасоого түртсө;

– ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери негиздүү себептерсиз (тиешелүү чөйрөдөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган негиздер боюнча) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

органдарынын ишине тиешелүү маалыматтарды берүүдөн, мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн, жарандардын жана юридикалык жактардын башка негиздүү суроо-талаптарын аткаруудан баш тартса;

“3” деген баа (канааттандырарлык) коюлат, эгерде:

– ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, облустук жана райондук мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүдө, аларга жүктөлгөн башка функцияларды жана ыйгарым укуктарды аткарууда ченемдик укуктук актыларда каралбаган документтерди суратса;

– кызмат көрсөтүүнүн натыйжасынын, колдонуучунун башка суроо-талабынын аткарылышынын кызмат көрсөтүүнүн сапатынын билдирилген стандарттарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка параметрлерине шайкеш келбесе;

“4” деген баа (жакшы) коюлат, эгерде:

– мурда берилген арызга же кайрылууга жооп берилген, бирок толук эмес көлөмдө;

– кызмат көрсөтүү, колдонуучунун башка суроо-талабын кароо процессинде акыркы натыйжага таасир этпеген жана арыз ээсине экинчи жолу кайрылуу зарылдыгын жаратпаган техникалык же административдик так эместиктер табылса;

– пландан тышкаркы техникалык иштерди жүргүзүүгө байланыштуу электрондук сервистер убактылуу иштебей калса;

“5” деген баа (эң жакшы) коюлат, эгерде:

– мурда берилген арызга же кайрылууга жооп жарандардын кайрылууларын кароо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдө толук көлөмдө берилсе;

– мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүү, колдонуучунун башка суроо-талабын кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн талаптарды сактоо менен белгиленген мөөнөттө толук көлөмдө ишке ашырылса.

21. “Пикир” МСте колдонуучулар калтырган бардык баа/пикирлер адис тарабынан модерациялоо жол-жобосунан өтөт.

22. Модерациялоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) ушул Жободо белгиленген баа/пикир калтыруу тартибине шайкештигин, ошондой эле адамдын жана арыз ээсинин укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын, коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктарды, айлана-чөйрөнү коргоо, элди башкаруу тартибин укукка каршы кол салуулардан коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган маалыматтардын жоктугун текшерүү;

2) коркутууларды, жалаа жабууну камтыган, башка адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен, улуттар аралык, диний жана этностор аралык кастыкты (араздашууну) козуткан, зомбулукка түрткөн, укукка каршы аракеттерди жасоого чакырган маалыматтын жоктугун текшерүү;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3) пикирде камтылган маалыматтын аныктыгын текшерүү.

23. Модерациялоо мөөнөтү баа/пикир келип түшкөн күндөн тартып 7 иш күндү түзөт.

5-глава. Пикирди кароодон баш тартуу үчүн негиздер

24. Адис пикирди кароонун жыйынтыгы же аны кароодон баш тартуунун себептери жөнүндө колдонуучуга кабарлайт.

25. Эгерде пикир маалыматтык мүнөзгө ээ болсо же ыраазычылык сөздөрүн камтыса, колдонуучуга жооп берилбеши мүмкүн.

26. Колдонуучуга төмөнкү учурларда жооп берүүдөн баш тартылышы мүмкүн:

1) анык эмес (жалган) маалымат берилсе;

2) пикирде коркутууларды, жалаа жабууну камтыган, башка адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен, улуттар аралык, диний жана этностор аралык кастыкты (араздашууну) козуткан, зомбулукка түрткөн, укукка каршы аракеттерди жасоого чакырган маалымат камтылса;

3) пикир ушул Жободо белгиленген калтыруу тартибине ылайык келбесе.

Аппарат жетекчисинин м.а. **Р.А.Кубаталиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН